## №11 Алай округдук шайлоо комиссиясынын жыйналышынын

## №5 - ЧЕЧИМИ

Гүлчө айылы 08.11.2021-жыл

**Күн тартибинде каралуучу маселе:**

**Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине депутаттарды шайлоо алдында Саясий партия тарабынан үгүттөө иштерин жүргүзүү шарттарын бузгандыгы жөнүндө :**

**Угулду:** №11 Алай ОШКнын төрагасы М.Молдобаев билдиргендей 2021-жылдын 4-ноябрь күнү Алай районунун Гүлчө айылынын [redacted] көчөсүнүн [redacted] үйүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган Тургуналиев Д[redacted] Б[redacted], №2 Т.Отунчиев атындагы орто мектебинин 10-класстын окуучусу Сагынбаева А[redacted] У[redacted] Гүлчө айылынын Маданият үйүндө болуп өткөн Бүтүн Кыргызстан саясий партиясынын эл менен жолугушуу учурунда саясий партияны тосуп алуу аземине нан ооз тийгизгени алып чыгып, үгүттөө иштерин жүргүзүү шарттарын бузгандыгы аныкталган. Тартылган видео-ролик социалдык тармактарга чыккан.

Анын натыйжасында КРнын Бузуулар кодексинин 44-беренесинде көрсөтүлгөн "Шайлоо алдындагы үгүт иштерин жүргүзүүнүн шарттарын бузуу"- деп Алай райондук ички иштер бөлүмүнүн 14 бtroактан турган корутундусунун негизинде көрсөтүлгөн.

Жогоруудагы маселени №11 Алай округдук шайлоо комиссиясы карап чыгып, талкуулап

### Ч Е Ч И М  К Ы Л А Т :

1. Алай районунун Гүлчө айылынын [redacted] көчөсүнүн №[redacted] үйүнүн тургуну [redacted]-жылы туулган Тургуналиев Д[redacted] Б[redacted] КРнын Бузуулар кодексинин 44-беренесине ылайык 4-категориядагы айып-пул салынсын.
2. Ушул чечим Борбордук шайлоо комиссиясына билдирилсин.

**Макул-15** **каршы –жок**

№11 Алай ОШКнын төрагасы М.Молдобаев

Катчысы: Ч. Убукеева